УДК 373.211.24

**Муратова Айнура Муратовна, Темирбекова Каныгуль Кенешбековна, Алманбет кызы Жыпариза**

п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын доценттин м.а.,

И.Арабаев атындагы КМУнун мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын магистранттары

**Муратова Айнура Муратовна, Темирбекова Каныгуль Кенешбековна, Алманбет кызы Жыпариза**

.п.н., и.о. доцента кафедры технология дошкольного образования КГУ им. И. Арабаева,

Магистранты кафедры технология дошкольного образования КГУ им. И. Арабаева

**Muratova Ainura Muratovna, Temirbekova Kanygul Keneshbekovna, Almanbet kyzy Zhypariza**

Ph.D., acting Associate Professor of the Department of Preschool Education Technology of KSU named after I. Arabaeva,

Undergraduates of the Department of Preschool Education Technology of KSU named after I. Arabaeva

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

# ОРГАНИЗАЦИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО ПРОЦЕССА В ДОШКОЛЬНОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ОРГАНИЗАЦИИ

# ORGANIZATION OF THE EDUCATIONAL PROCESS IN A PRESCHOOL EDUCATIONAL ORGANIZATION

**Аннотация:** макалада  мектепке чейинки балдарга билим жана тарбия берүү процесси мектепке чейинки мекемелерде кандай мамлекеттик-нормативдик документтердин негизинде алып барылат жана анда белгиленген негизги максаттар, милдеттер, кандай аталыштагы предметтер аркылуу сабактар өтүлөт, ал предметтерге жана педагогдун ишмердигине коюлган негизги талаптар боюнча маалымат берилет.

**Аннотация**: в статье приведены сведения на основе государственных и нормативных документов о процессе обучения и воспитания дошкольников в дошкольных учреждениях, а также об основных целях, задачах, предметах и основных требованиях к деятельности педагога.

**Annotation:** The article provides information based on state and regulatory documents on the process of training and education of preschool children in preschool institutions, as well as on the main goals, objectives, subjects and basic requirements for the teacher.

**Түйүндүү сөздөр**: мектепке чейинки мекеме,  билим жана тарбия берүү, мектепке чейинки балдар, программа,педагогдор, максат, милдет.

**Ключевые слова:** ДОО, дошкольное образование, дети дошкольного возраста, программы, цели и задачи, педагоги.

**Keywords:** DOE, preschool education, preschool children, programs, goals and objectives, teachers.

Мектепке чейинки мекемелерде билим жана тарбия берүү процессинин максаты

мектепке чейинки жаштагы балдарды даярдоо программаларынын жана негизги предметтердин окутулушу менен ишке ашырылат. Ал предметтер:: «негизги математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу», «сабат ачуу», «көркөм өнөр», «дене өстүрүү», «кеп өстүрүү» жана «айлана-чөйрө менен тааныштыруу». Ошону менен бирге мектепке чейинки мекемелердин билим берүү процесси “Балалык” жана “Нариcте” программасларынын алкагында жана алтернативдик программалардын негизинде билим берүү процесси айкалышып келет. Бул программалар мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган жана «Экинчи тил» (кыргыз/орус) аттуу эки парциалдык программаны өзүнө камтыйт.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия берүү процессинде балдардын окууга болгон кызыгуусу, баланын фзиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрү, окуу тапшырмаларынын маанисин түшүнүү, иш-аракеттерди аткаруу ыкмаларын аңдап сезүү, өзүн өзү көзөмөлдөө жана өзүнө баа берүүсү, эрк сапаттарынын өсүүсү, байкоо, угуу, эске тутуу билгичтиктери, коюлган маселени чече алуусу менен аныкталат.

Мектепке чейинки мекемелердин максаты жана милдети балдардын мектепке чейинки даярдыгын камсыз кылуу үчүн социалдык маселелерди чечкенге багытталган. Мектепке чейинки мекемелерде билим берүү процессин уюштуруунун алкагында балдарга билим жана тарбия берүү төрт багыт боюнча жүргүзүлөт:

– социалдык ыңгайлашуу;
– жалпы өсүү (эс-тутумдун, көңүлдүн, интеллекттин өсүүсү);
– окууга болгон кызыгууну жараткан мотивдерди калыптандыруу;
– балдардын ден соолугун коргоо жана бекемдөө, алардын дене жана психикалык жактан өсүүсү үчүн болушунча шарттарды түзүү.

Мектепке чейинки мекемелерде билим жана тарбия берүү процесси биринчиден: мектепке чейинки жаштагы балдардын пикирлешүү, теңтуштары, чоң адамдар жана айлана-чөйрө менен өз ара мамиле жасоо көндүмдөрүн калыптандырууга өзгөчө маани берет, булар мектепке барууда базис болуп саналат, б.а. социализация.

Экинчиден, педагогикалык максатты чечүүгө, б.а. билим жана тарбия берүү процессине багытталган – баланын инсанын ар тараптуу өнүктүрүү жана алардын билимдерди өздөштүрүүгө жана системалуу окууга болгон даярдыгын калыптандыруу; окуу ишмердигине ээ кылуу; сабат ачуунун жана математиканын башталышына окутуу; курчап турган дүйнөнү табигый-илимий таанып билүү ыкмасынын (тажрыйба, эксперимент, изилдөө ж.б.) элементтерин өздөштүрүүгө үйрөтүү.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия берүү процессинде мектеп жашына чейинки балдардын академиялык билимдерди алуусуна гана эмес, баланын инсанынын ар тараптуу: интеллектуалдык, адептик, эстетикалык жана дене жагынан өсүүсүн калыптандырууга да багытталган.

Мына ушундан улам, коюлган максаттарга жетүү үчүн негизги милдеттер аныкталган:

**Билим берүүчү милдеттер:**

- ✓ мектепте ийгиликтүү окуу үчүн негизги психологиялык кызматтарды (көңүл, эс тутум, ой жүгүртүү) өстүрүү;
- ✓ балдарда Кыргызстан, анын борбору - Бишкек шаары, өз чөлкөмү (айыл, шаар ж.б.), мамлекеттик символдор, улуттук кийимдер тууралуу түшүнүктөрдү, билимдерди калыптандыруу;
- ✓ адамдын коомдогу жана мектептеги жүрүм-турумун аныктоочу маанилүү социалдык ченемдер жана баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрдү, билимдерди

калыптандыруу;

- ✓ элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- ✓ кепти активдүү пайдалануусун жана фонетикалык угумду калыптандыруу;
- ✓ мектепте окууга эмоционалдык оң мамилени калыптандыруу;
- ✓ конструктивдүү өз ара мамиленин элементардык көндүмдөрүнө окутуу;
- ✓ мектепте окуу үчүн зарыл окуу иш-аракеттерин өстүрүү;
- ✓ көрсөтмөлөрдү аткаруу жана эреже боюнча аракеттене билүүсүн калыптандыруу;
- ✓ окууга кызыгуусун калыптандыруу;
- ✓ балдарды мектепке даярдоо менен башталгыч билим берүү предметтеринин ырааттуулугун камсыз кылуу.

**Өстүрүүчү милдеттер:**

- ✓ 6-7 жаштагы балдардын теңтуштары жана чоң адамдар менен пикирлеше билүүсүн өстүрүү;
- ✓ түрдүү турмуштук жагдайларга карата чечим таба ала билүүсүн калыптандыруу;
- ✓ 6-7 жаштагы балдардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, окутуу, тарбиялоо жана өстүрүү процессин уюштуруу;
- ✓ жазуунун майда-булчуңдарды иштетүүчү кызматтарын жана жаза билүүсүн өнүктүрүү;
- ✓ айлана-чөйрөнү таанып билүүнүн табигый-илимий формасына (тажрыйба, изилдөө, эксперимент ж.б.) кызыгууну арттыруу;
- ✓ элементардык логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү;
- ✓ акыл калчап, жыйынтык чыгара ала билүүсүн калыптандыруу;
- ✓ сабактарда, оюндарда чыгармачылык шыгын жана ой-чабытын өстүрүү;
- ✓ организмдин физикалык мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;
- ✓ адам үчүн ден соолукту чыңдоонун, коргоонун жана дене маданиятынын маанилүүлүгүн түшүнүүнү өстүрүү.

**Тарбиялоочу милдеттер:**

- ✓ 6-7 жаштагы балдарда мекенчилдик сезимдерди, Мекени – Кыргызстанды, өз чөлкөмүн (айыл, шаар) сүйүүнү жана аны менен сыймыктанууну калыптандыруу;
- ✓ Кыргызстанда жашаган калкты урматтоого тарбиялоо;
- ✓ эмгекти жана чоң адамдардын эмгеги менен жаралган баалуулуктарды урматтоо;
- ✓ адептүү жүрүм-турумдун ченемдерин жана эрежелерин билүү жана урматтоо;
- ✓ мамиле кылуу сапаттарын, муктаждыктарын жана кызматташууга болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;
- ✓ мектеп окуучусуна тиешелүү сапаттарды (эмгекти сүйүү, чынчылдык, тыкандык, тартиптүүлүк) калыптандыруу;
- ✓ теңтуштарын, айланасындагы адамдарды урматтоого тарбиялоо;
- ✓ өз ара түшүнүшүү жана өз ара жардам берүү сезимин өркүндөтүү;
- ✓ мектептеги жана коомдогу жүрүм-турум маданиятынын ченемдерин жана эрежелерин балдарга сиңирүү;
- ✓ өз ара достук мамилени жана айланадагыларга өз ара оң мамиле жасоо көндүмдөрүн өстүрүү.

Мектепке чейинки мекемелерде окуу процессин уюштурууга карата жалпы талаптар бир нече **мамлекеттик-нормативдик документтерде** каралган. Мектепке чейинки билим

берүү процессин уюштуруу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартынын, Билим берүүнү 2012-2020-ж.ж. өнүктүрүү стратегиясынын, САНПиНдин, Мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобонун, мектептин уставынын жана башка бир катар башка документтерде.

**Окуу планын** түзүүдө бул ченемдик документтер эске алынат:

- ✓ КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы.
- ✓ КР «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамы.
- ✓ «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандарты, ал КР Өкмөтүнүн №17 (16-январь 2007) токтому менен бекиген.
- ✓ САНПиН гигиеналык талаптары, 16.11.1999, катталуу №и 91, Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык дарыгеринин токтому менен бекитилген, 30.10.1999. №51.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия берүү процессинде **педагогдордун ишмердигине талаптар**:

- ✓ Мектепке чейинки жаштагы балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу;
- ✓ баланы, процессти жана анын ишмердигинин жыйынтыктарын урматтоо;
- ✓ сабактарды иштеп чыгууга комплекстүү мамиле;
- ✓ сабактардын системалуулугу жана ырааттуулугу;
- ✓ мазмундун жана сабактарды өткөрүү формаларынын көп түрдүүлүгү;
- ✓ көрсөтмөлүүлүктү пайдалануу;
- ✓ балдар менен биргеликте эрежелерди (оюн ишмердигинин алкагында) талкуулоо жана орнотуу.

Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия берүү процессинде мектепке чейинки жаштагы балдардын **окуусуна карата зарыл талаптар:**

- окуунун жеткиликтүүлүгү;
- өстүрүүчү оюндар жана көнүгүүлөр аркылуу чыгармачылык жөндөмдү өстүрүү;
- тапкычтыкка карата логикалык тапшырмаларды (мектеп жашындагы балдардын курагына туура келген) чече билүү аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүү;
- классификациялоо (мисалы: предметтердин топторун белгилери боюнча), ошондой эле жалпылоо жана конкреттештирүү ыкмаларын пайдалануу аркылуу салыштыруунун негизинде ой жүгүртүү операцияларын жасай алуу.
- балдардын изилдөө, издөө жана куруу мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын өстүрүү;

**Сабактарды өткөрүүнүн милдеттүү шарттары:**

- коопсуз жана ден соолукту сактоочу чөйрө;
- билим берүү процессинде оюндарды, оюн ыкмаларын, оюн көнүгүүлөрүн пайдалануу;
- ишмердиктин түрүн алмаштыруу жана кезектештирүү;
- ар бир баланын жеке жетишкендиктерине оң баа берүү;
- балдар менен иштөөнүн топтук жана жекече формаларын пайдалануу;
- бүтүндөй топ (ар бир бала) менен өз ара мамиле жана жекече иштер;
- физминуткаларды жана динамикалуу тыныгууларды сөзсүз түрдө пайдалануу;
- балдардын ишмердигине байкоо жүргүзүү;

- жол берилген окуу жүктөмүнүн ченемин сактоо.

Демек, мектепке чеикни мекемелерде мектеп жашына чейинки балдарды ар тараптан өнүктүрүп, башкача айтканда физиологиялык, психологиялык, конгитивдик, дене тарбиялык, эстетикалык, эмгек тарбиясы аркылуу калыптандыруу. Бул процесстердин бардыгы комплесттүү, жакшы уюштурулган педагогикалык процесс аркылуу ишке ашырылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы.
2. Балдарды мектепке даярдоо бир жылдык «Наристе» программасы (480 саат) жана “Балалык” программасы.
3. Государственный стандарт Кыргызской Республики. Дошкольное образование и уход за детьми. - Бишкек 2007г.
4. Орус тилинде иштеген балдар бакчасынын улуу жана даярдоо группаларында кыргыз тилин үйрөтүү программасы. Түзүүчүлөр: Орусбаева Т.А., Акматов К., Орусбаев А., Байганалиева А.Т. – Фрунзе: Мектеп, 1989.
5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. «Мөл булак» Программа 1- бөлүк. Бишкек, 2009.

**Рецензент: п.и.к., доцценттин м.а. Ашымбаева Т.А.**